Бекитемин

Мектеп мүдүрү: Н.С.Сайдинова

**Чүй облусунун Чүй районунун Ак-Бешим айылындагы Ж.Баласагын атындагы орто мектебинде негизги жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча 2021-2022-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

# УБАКТЫЛУУ ЖОБО

## 1.Жалпы жоболор

1.1Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы № 304/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча ЖМАны өткөрүү жөнүндө Жобонун негизинде өлкөдөгү өзгөчө кырдаалга, абалга байланыштуу Убактылуу жобо иштелип чыкты.
1.2.Мектепте Убактылуу жободогу норма колдонулат.
1.3.Мектепте негизги жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу баалоону өткөрүүнүн форматын, катышуучуларын, мөөнөтүн жана узактыгын, баалоонун тартибин, арыздарды (аппеляцияларды) берүү жана карап чыгуу, баалоонун жыйынтыктарын өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруунун тартибин аныктайт.
1.4.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн өткөрүлөт.
1.5.ЖМАнын максаттары:
-Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл кылуу;
-окуучулардын өздөштүрүүсү МС талаптарына дал келүүсүн аныктоо;
1.6.ЖМА окутулуп жаткан тилде (кыргыз), мектептин базистик окуу планына ылайык предметтик комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт(ПК)

## 2. Жумушчу органдарынын кызматтык милдеттери

2.1.Мектеп ЖМАны өткөрүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткарат:

-белгиленген окуу дисциплиналары боюнча ПКнын курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат;

-негизги жалпы билим берүүнүн программаларын өздөштүргөн 9-класстарынын окуучуларынын тизмесин карайт жана бекитүүгө сунуштайт;

-окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) ЖМАны өткөрүү тууралуу маалыматты өз убагында билдирет;

- АБОго ЖМАны өткөрүү жөнүндө маалыматты бир жума мурун берет;

-белгиленген мөөнөттөргө баалоону өткөрүү жайын даярдоону (санитардык-гигиеналык шарттарды, дезинфекциялык иштер, өздүк коргонуу ыкмалар ж.б.) камсыз кылат;

-бүтүрүүчүлөрдү ЖМАнын жыйынтыктары менен тааныштырууга жоопту жана милдеттүү болот.

2.2.Предметтик комиссиянын курамы педагогикалык кеңештин сунуштамасына ылайык аныкталат жана директордун буйругу менен бекитилет.

-Тийиштуу окуу дисциплинасы боюнча ПКнын төрагасы болуп жалпы билим берүү уюмунун директору, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же директордун көрсөтүмү боюнча мектептин мугалимдеринин методикалык бирикмесинин жетекчиси дайындалат.

-Тийиштуу окуу сабагы боюнча ПКнын төрагасы жалпы жетекчиликти жүргүзөт жана ишмердүүлүктү жөнгө салат.

- Баалоо өткөрүлүп жаткан сабак боюнча 9-класста сабак окуткан мугалим ПКнын төрагасы болуп дайындалбайт.

-ПКнын курамы 3төн кем эмес жана 5тен көп эмес адамдан турат, анын ичинде комиссянын төрагасы, сынак алуучу, ассистент болот.
9. ПК жалпы билим берүү уюмунда тийиштүү окуу предметтери боюнча ЖМАны өткөрүү учурунда:

- Баалоону өткөрүү процессин ишке ашырат;

- Баалоонун жыйынтыктары боюнча протоколдорду түзөт;

-Баалоонун жыйынтыктарын окуучуларга сабак берген мугалимдер, класс жетекчилер аркылуу тааныштырууну жана маалымдоону камсыз кылат.

- сабак берген мугалимдер, класс жетекчилер ар бир окуучуга жана ата-энелерине (же аларды алмаштыруу жактарына) ЖМАнын жыйынтыктарын телефон байланышы аркылуу жеткиришет.

-Мектеп окуучуларды жана ата-энелерин ЖМАда коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыздарды апелляцияга берүү тартиби жөнүндө маалымат берет.

**3. ЖМАнын катышуучулары. Окуучуларга кирүү укугун берүүнүн тартиби**

3.1.Мектепте ЖМАнын катышуучулары болуп, негизги Жобонун 4-пунктунда каралган 9-класстарынын окуучулары саналат.

11. ЖМАга 9-класстын окуучулары киргизилет:

-академиялык карыздары жок жана окуу планын толук көлөмдө аткаргандар (баардык окуу сабактары боюнча жылдык баалары "канааттандырарлык" баадан төмөн эмес болгондор);

-окуу планында белгиленген предмет боюнча өткөрүлүп жаткан Баалоого үчтөн ашык эмес окуу предмети боюнча жылдык "канааттандырарлык эмес" баага ээ болгондорпедагогикалык кеңештин сунуштамасына жана мектептин буйругуна ылайык предмет боюнча дистанттык форматта кошумча тапшырма аткаргандан кийин киргизилет;

3.2. Негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын үйдө же өз алдынча окуу түрүндө өздөштүргөн окуучуларга негиги Убактылуу Жобонун 4-пунктунун талабына ылайык ЖМАдан өтүшөт.

3.3 Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар дарылоо мекемесине караштуу дарыгерлик кенеш берүү комиссиясынын (ДКК) же ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар учун психологиялык-медициналык-педагогикалык кенеш берүүнүн (ПМПК) корутундусунун негизинде мектеп директорунун буйругу менен жана Жобого ылайык ЖМАдан өтүүгө уруксат берилет.

**4. ЖМАны өткөрүү мөөнөтү жана узактыгы**

4.1 ЖМАны өткөрүү мөөнөтү министрлик тарабынан бирдиктүү тартипте аныкталат.

4.2 Ушул окуу жылында ЖМАдан кайрадан өтүүчүлөр жылдык канааттандарарлык эмес баа алган предметтер боюнча мектептин

тапшырмаларын дистанттык формада талапка ылайык аткара алса, ЖМАны тапшырууга укугу бар.

4.3ПК Баалоону 2021-жылдын 2-июнунан 11-июнуна чейин өткөрөт.

4.4ПК 9-класстын негизги жалпы билим берүү программалары боюнча төмөнкү предметтерден ЖМАны өткөрөт:

-математика(алгебра), кыргыз тили жана адабияты, орус тили, тарых.

4.5 ЖМА эртен мененки саат 09:00 дө башталат.
4.6 Мектепте ЖМАны өткөрүү күнү төмөнкүлөр катышат;
-мектеп директору, ПК мүчөлөрү,
4.7 ЖМАны өткөрүү процесси протокол менен жүргүзүлөт. ПКнын протоколун ассистент толтурат.

## 5. ЖМАны өткөрүүнүн тартиби

5.1 ПК ар бир предмет боюнча окуучулардын учурдагы жана чейректик бааларын жана алардын туура коюлушун карайт. ПК жыйынтык бааларды чыгарууда текшерүү иштеринин, практикалык жана лабараториялык иштеринин жыйынтыктарын жана окуучулардын чейректик, жарым жылдык, жылдык жетишүүсүн эске алат.
5.2.Баалар 5 баллдык системада коюлат. Эгерде сандын физикалык көрсөткүчү бирдиктин жарымы жана андан көп болсо, ал чоң санга көздөй тегеректелет. Талаш-тартыш учурларда сабак берген мугалимдин пикири эске алынып, окуучунун пайдасына чечилет.
Эне тили предмети боюнча жыйынтыктоочу бааларды коюуда жалпы жыйынтыкталган ведомостко эки баа коюлат.
5.3 .Окуучулардын жыйынтыктоочу баалары класстык журналга (күбөлүк берүү китебине, өздүк ишине, ЖМАнын жалпы жыйынтыкталган ведомостко) жазылат.

## 6. Артыкчылык көргөзгөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

6.1. Бир же бир нече предметтерди өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктерге жетишкен IX жана (же) XI класстардын окуучулары башка окуу сабактары боюнча жакшы бааларга ээ болгон учурда «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы менен сыйланат.
6.2Бүтүрүүчүлөрдү «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы менен сыйлоо чечими педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынат.
6.3 Билими тууралуу документи жана «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы бүтүрүүчүлөргө жиберилет.